## ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ

## ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ

## EDUCATION AND TRAINING

***Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***башкы илимий кызматкердин м.а.,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# ОКУУЧУЛАРДЫН РУХИЙ ӨНҮГҮШҮНДӨ ИЧКИ (ТЫШКЫ) ГАРМОНИЯНЫН РОЛУ

***Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,***
***кандидат педагогических наук,***
***Кыргызская академия образования,***
***и.о. главного научного сотрудника,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# РОЛЬ ВНУТРЕННЕЙ (ВНЕШНЕЙ) ГАРМОНИИ В ДУХОВНОМ РАЗВИТИИ УЧАЩИХСЯ

***Zhumabayeva Gulaiym Abdysamatovna,***
***candidate of pedagogical sciences,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Acting Chief Researcher,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# THE ROLE OF INTERNAL (EXTERNAL) HARMONY IN THE SPIRITUAL DEVELOPMENT OF STUDENTS

***Аннотация**: Макалада окуучулардын рухий өнүгүшүндө акылдын, жүрөктүн (рухтун), эростун (сүйүүнүн, жашоого умтулуу күчүнүн) ички гармониясынын ролу баяндалат. Автор мектептеги тарбиянын негизги максаты – ар тараптуу жана гармониялуу инсанды өнүктүрүү деп эсептейт. Баланы ар тараптуу жана гармониялуу өнүктүрүү үчүн, билим берүү системасындагы борбордук орунду – адептик-рухий, эстетикалык, моралдык-саясий, атуулдук жана акыл тарбиясы ээлейт. Советтик педагогикадагы тарбиялык системанын кемчилигин белгилөө менен ал кемчиликти дин таануу курсунун айрым усулдары аркылуу толуктоону сунуштайт.*

***Аннотация**: В статье рассматривается роль внутренней гармонии ума, сердца (духа) и эроса в духовном развитии учащихся. Автор считает, что всестороннее и гармоничное развитие личности – основная цель воспитания в школе. В системе всестороннего и гармоничного развития личности одно из центральных мест занимает духовно-нравственное, эстетическое, умственное, морально-политическое, патриотическое воспитание учащихся. Учитывая прошлые погрешности*

*советской педагогики в системе воспитания, автор предлагает дополнить их методами воспитания религиоведения.*

***Annotation:*** *The article examines the role of the inner harmony of the mind, heart (spirit) and eros in the spiritual development of students. The author believes that the comprehensive and harmonious development of personality is the main goal of school education. In the system of comprehensive and harmonious development of personality, one of the central places is occupied by spiritual and moral, aesthetic, mental, moral and political, patriotic education of students. Describing the past errors of Soviet pedagogy in the system of education, at the end of the article suggests supplementing them with methods of religious studies education.*

***Түйүндүү сөздөр****: гармония, дисгармония, акыл, рух, жүрөк, эрос (сүйүү, жашоого умтулуу күчү), акылмандуулук, интуиция, рухий, тарбия, мээрим, ой жүгүртүү ж.б.*

***Ключевые слова****: гармония, дисгармония, ум, сердце, дух, эрос (любовь, побуждающая сила духовного восхождения), мудрость, духовный, интуиция, воспитание, любовь, мышление и т.д.*

***Key words:*** *harmony, disharmony, mind, heart, spirit, eros (love, the motivating force of spiritual ascent), wisdom, spiritual, intuition, education, love, thinking, etc.*

**Киришүү.** Гармония (грекче harmonia – түз байланыш, келишимдүү, келбеттүү, сымбаттуу, сындуу) деп – туура түзүлгөн, уккулуктуу, жагымдуу, бөлүктөрдүн шайкеш ченемин, органикалык биримдиктеги бүтүн объекттин шайкеш чогулушун аташат. Гармония деген сөздү – келишкен, туура келген, өз ара ылайыкташкан, шайкеш деп түшүнөбүз. Байыркы гректердин философиясында гармония – космостун башаламан эмес түзүлгөндүгүн, асмандагы айдын, күндүн, беш планетанын, жылдыздардын интервалдарынын шайкештигин атаган. Эстетиканын тарыхында гармония – көркөмдүктүн, сулуулуктун маанилүү мүнөздөмөсү. Аккорддорду бири-бирине туура байланыштыруу жөнүндөгү музыканын теориясынын бөлүмү «гармония» деп аталат [6, 278].

Үй-бүлөнүн мүчөлөрү бири-бири менен гармониялуу (шайкеш, бири-бирине ыңгайлашкан) болсо, өнүгүү күтүлөт, алар ынтымакта бакубат жашашат. Гармония (ынтымак) бузулса, чыр-чатак чыгат, таарынышат, ажырашат ж.б. Толук эмес үй-бүлөлөр – дисгармониялык мамиленин натыйжасы. Гармониялуу коомдо (өлкөдө) саясий-экономикалык стабилдүүлүк, руханий өнүгүү күтүлөт, эл бири-бири менен акылдашып, тынчтыкта, бейпилдикте кызматташат. Зордук-зомбулук, кылмыш, төңкөрүш, митинг, террор, психикалык, соматикалык дарттар ж.б. – дисгармониянын натыйжасы.

Мээ (акыл), жүрөк (рух), эрос (сүйүү, жашоого умтулуу күчү ж.б.) адамдын кыймылдаткыч күчү сыяктуу. Эростун – биринчи мааниси эрот, байыркы грек мифологиясында сүйүү кудайы, ага байыркы римдик Амур (Купидон) туура келет. Экинчиси эротика – жыныстык сүйүү менен байланышкан психологиялык аспектилер, үчүнчүсү коомдун өнүгүшүндө, мода менен искусстводо сүйүүнүн орду, платондук сүйүү. Платонизмде эстетикалык таасирдин натыйжасында аябай кубануудан толкундanып, экстаз (өзүн унуткан абал) аркылуу сулуулуктун, көркөмдүктүн чыныгы маңызын аңдоо, рухий бийиктикке чыгуу [6, 1578]. Биз эростун жыныстык сүйүү (махабат), платондук мээрим (жакындыксыз сүйүү), акыл, жүрөк менен байланышкан психологиялык аспектилерине көңүл бөлүү менен, тарбияда ушул үчөөнүн гармониялуулугунун мааниси жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

**Изилдөөнүн максаты**: окуучулардын рухий өнүгүшүндө ички жана тышкы гармониянын маанисин ачуу.

**Изилдөөнүн милдети**: адабияттардан мээ, жүрөк, эрос үчөөнүн гармониялуу же дисгармониялуу аракетинин себеп-натыйжа байланышын, мурдагы *усулдардын* кемчилигин ачуу, рухий кризистен чыгууга жана гармониялуу коом түзүүгө карата практикалык сунуштарды жазуу.

**Негизги мазмуну.** «Акылдуу адам ойлонот, акылман билет» – деп айтылат Чыгыш макалында. «Мен эч нерсени билбесимди билем» деген сөз – акылман адамдын (Сократтын) сөзү. Жүрөгү аалам менен гармониялуу адам баарын билет, баарын билген адамды акылман дешет. Акыл-эстүү адам бир нерсени божомолдойт, бирок анын акыйкат-чындыгы боюнча 100% ишеними болбойт, жүрөк аны сезет. Жүрөк поэзияда, динде борбордук орунду ээлейт. Акыл күмөндөр болушу мүмкүн, жүрөк ишенет. Акыл-эс анализдейт, салыштырат, жыйынтык чыгарат, жалпылайт. Дүйнө таанымы өтө кенен, гений адамдын да акылы чектелүү. Ал баарын билбейт. Жөнөкөй жүрөктө аалам жөнүндө маалымат толук бар (камтылган). Эң терең акыл да жүрөктү түшүнө албашы мүмкүн. Эки адамдын жүрөгүндөгү сүйүү аркылуу адам жаралат. Жашоо процессинде акыл калыптанат, бирок масштабдуу (гениалдуу) акыл болсо да, сүйүүгө жөндөмдүү (жасалма эмес) жүрөктү жарата албайт. Жер шарындагы акылдуулардын баары биригип адам жарата албайт [5, 142].

А. Некрасов: «Жашоонун башаты – сүйүү, сүйүүдөн бала төрөлөт, акыл-эси кийин калыптанат. Акылы өскөн сайын рационалдуу дүйнөгө кирет, анан дисгармония башталат»-деген. Сүйүү жүрөктө жаралат. Сүйгөн жүрөккө дүйнө (адам, үй-бүлө, Ата Мекен, эл ж.б.) сыйышы мүмкүн. Мейкиндикте мезгилдин өтмө өлчөмүн адам жүрөктүн согушу менен сезип турат. «Жүрөк – физикалык, рухий жашоонун борбору. Аң-сезимдин ишмердүүлүгү жүрөк менен байланыштуу» (В.П. Вышеславцев). Рух менен жүрөк бөлүнбөйт.

Мээримсиз адамдын акылы рухуна үстөмдүк кылса, жүрөгүндө сүйүү эмес, текебердик же коркуу жаралат. Акыл жүрөккө үстөмдүк кылганда сүйүү өчөт, санаалаштык кетет, адам кайдигер, суз, муздак болот. Жүрөктө мээрими жок адам башкаларга зыяндуу иш кылышы мүмкүн. Аңдабаган абалда (кээде) өзүнө да зыяндуу иш кылышы мүмкүн. Анткени андай акыл негативдүү ойлорду өндүрүүчү генератор сыяктуу. Башкаларды шылдыңдап, сындап, өзүн актоонун жолун мээримсиз адамдын акылы таба берет. Карьеризм, деспотизм – мээримсиз акылдын аракетинин натыйжасы.

Көпчүлүк адамдар биринчи орунга акылды коюшат. Көпчүлүктүн көз карашы, ынанымы, дүйнө таанымы акылга, билимге негизделген. Мээримсиз адамдын акылы башкы ролдо болбош керек, болсо дисгармония башталат. Жүрөк – акыйкатты интуитивдүү сезүүчү орган. Тилекке каршы көбүнчө жүрөк акыл-эстин бийлигинде калган учурда адамдын эң жакшы сапаттары ачылбай калат, жүрөк капаста калгандай, эркиндиги чектелүү болуп, адамга мээрим төгө албайт. *Чыныгы эркиндикке жүрөгү (руху), акылы (ою)жана эрос (жашоого умтулуу күчү) гармониялуу болгон адам гана жетет* [5, 144].

Акыл-эси жүрөккө үстөмдүк кылган адам бийликке умтулат, ага жеткенден кийин мээримсиз адам деспотизмге, зордукка, зомбулукка өтөт. Анда көзөмөлгө алуучу күч керек болот. Мындай адамдардан турган коомдун келечеги кең болбойт, анткени алар өз кызыкчылыгын коргоп, башкага жамандык кылууга жөндөмдүү. Мээримсиз адамдын акылы негативдүү ойлорду ойлойт. Маанайы чөгүп турган кезде спирт ичимдигин ичип, бангизат колдонгондор аз эмес. Мээрими жок акылдуу адам толук хаоско, иретсиздикке же идеалдуу ireттүүлүккө, тазалыкка, тартипке умтулат, бирок мындай иреттүүлүк, тазалык, тартип адамды бактылуу кылбайт. Муну фашисттик Германиянын үлгүсүндө көрүүгө болот.

Жүрөк (сүйүү), акыл (ой) менен эрос (жашоого умтулуу күчү) гармониялуу айкалышканда гана (алар бири-бирин толуктап турганда) адам акылман болот. Чыгыш окууларында колдонулуучу психотехникалар, акылмандуулукка машыктыруу ыкмалары биздин билим берүүбүздө жокко эсе. Акыл, эрос менен мээримди айкалыштыруунун жол-жобосу б.а. акылмандуулукка көнүктүрүү практикасы мектепке тиешеси жок сыяктуу жашап жатабыз. Бул XXI кылымдын башындагы – өтө көйгөйлүү маселе болду [5].

Акылман, даанышман, олуя адамдар чыкпаган өлкөнүн (элдин) келечеги кең

болбойт. Маселе акылды ашыкча өнүктүрүп койгондугубузда эмес. Аны мээрим, жакшы көрүү сезими, сүйүү, оң эмоция менен айкалыштырууга жеткиликтүү көңүл бөлбөгөнүбүздө. Мунун жетишсиздиги адамды текебердикке же агрессияга алып келет. Мээримсиз жетекчи кызматчыларын коркутат, акылга, эркке таянып маселе түзөт. Мээримсиз ой жүгүрткөн адамга турмуштан кубаныч, бакыт табыш кыйын. Өзү бактысыз жетекчи элинин бактылуу жашоосуна камкордук көрө албайт. Акылман болууга умтулган балдарды тарбиялоо – билим берүү системасынын максаты болбосо, анда ал кимдин максаты болуш керек?

Адамдын аң-сезими, аңдоосу, жогорку аң-сезими болот. «Жүрөгүндө сүйүү жетишсиз аң-сезимге негативдүү ойлор тынымсыз келип турат. Ошентип адамга азап менен тозоктун «эшиги ачылат». Жүрөгүндө сүйүүсү бар адам эң жаман маалыматты фильтрлеп, акыйкаттын үрөнү гана калат» (А.Некрасов). Энеге баласын жамандаган менен, анын балага сүйүүсү өчпөйт. Мээримсиз, оң эмоциясыз, жылуу сезимсиз жалаң акылга таянган адам адашат. Оруста: «шайтан тозокко алып баруучу жакшылыктын 70 эшигин ачат» (Дьявол открывает 70 дверей добра ведущий в ад) – деген макал бар. Акыл мээримсиз аракеттенсе «жакшылыктын эшигине» кириш керек деп ойлойт. Адамдын тарткан азабынын көпчүлүгү ушу менен байланыштуу. «Акылдан азап» тартуу (А.С. Грибоедов) ошон үчүн дайыма актуалдуу. Азап аркылуу акыл тажрыйбага ээ болот.

Стратегиялык маселенин жыйынтыгы боюнча адамдын жүрөгүндө ишеними болсо, анда анын билгени бар. Угуу, байкоо, сезүү, туюм, сүкүт чалуу – рухтун (жүрөктүн) маанилүү иши. Поэзияда, мистикада, динде сүйүү негизги орунду ээлейт. Жүрөк интуициянын борбору. Ыйман жүрөктө болот. Адамды улуу кылган, бийиктикке көтөргөн – рухий аракет менен акыл. Чыныгы жаратман – жүрөк. Акыл өткөндү, келечекти ойлонот. Жүрөк азыркы шартта эмне кылышты билет. Мээримсиз акылдын жүрөккө үстөмдүгү – күнөөгө батуунун жолу. Кызга (жигитке) жүрөгүндөгү сүйүүнү ачуу кыйын. Сыймыктанган текебердик – акылдын жогорку деңгээлге жеткендеги абалы.

Баланын азаптуу кыял-жоруктары көп болушу мүмкүн. *Эненин мээрими болгон үчүн баланын жаманы жабылып, жакшысы табылып чоңоёт.* Ошол эле мезгилде эне өзүн бактылуу сезет. Эгерде *ар бир адамга карата эне мээриминдей мээримдүүлүккө адам жетише алса, ал акылмандуулуктун ырахатын сезмек.*

Совет доорундагы педагогикалык, психологиялык адабияттардын кемчилиги: илимпоздордун гана ырастоолору берилип, ал эми адептик билимге түздөн-түз тиешеси болсо да пайгамбарлардын, илгерки даанышмандардын, акылмандардын ойлору толук киргизилген эмес, мунун натыйжасында адептик-рухий тарбиянын бөксө жери болгон. Мисалы, көпчүлүк аалымдардын ырастоолоруна караганда шайтан адамдын акыл-эсинде жайгашат, ал адамга терс ой, жаман пикир салып турат [1, 400].

Советтик педагогика Ата Мекенди, партияны, Ленинди, эмгекти, элди, жерди ж.б. сүйүүгө үйрөткөн, бирок өзүн сүйүүгө үйрөткөн эмес. Мугалимдер балага өзүмчүл болбочу дешкен. Өзүмчүлдүк – жеке керт башын гана ойлоо. Өзүн сүйүү – энесин, бир тууганын сүйгөндөй эле, өзүн да жакшы көрүү. Адам өзүн да сыйлап, сүйүш керек. Бул – ички гармониянын маанилүү элементи [2, 224].

Америкалык окумуштуу Майкл Харт «Адамзаттын өнүгүү тарыхындагы эң таасирдүү 100 инсан» атуу эмгегинде дүйнөгө эң кеңири белгилүү 100 инсан жөнүндө жазган. Алардын адамгерчиликтүү сапаттарын жана адамзаттын өнүгүшүнө тийгизген таасирин изилдеп, №1 орунга Мухаммед (сав) пайгамбарды койгон. Андан кийинки орундарда И. Ньютон, Иса (алейхисалам), Будда, Конфуций, Эйнштейн, Маркс, Галилей, Ленин ж.б. ыйгарган. Адамзаттын өнүгүү тарыхында №1 болуп эсептелген инсандардын гармониялуу жашоо жөнүндөгү осуяттарын, адептик нускаларын, акылман ойлорун мектепке жолотпогон таалим-тарбиянын кемчилиги болгон.

Көпчүлүк үй-бүлөдө мээримдин жетишсиздигинен балдарын гармониялуу тарбиялаганга шарт жок. Үй-бүлөдө мээрим көрбөй чоңойгон балдар жыл сайын көбөйүүдө. Жүрөктөгү мээрим менен акылдын өнүгүүсү канчалык бири-бирине гармониялуу болсо, ошончолук жакшы, катардагы жөнөкөй балдардын таланты ачылат. Тарбияланышы кыйын балдар гармониялуу боло баштайт. Белгилүү педагогдордун (К.Д. Ушинский, В.А. Сухомлинский ж.б.) ишинин ийгиликтүүлүгү ушуну менен түшүндүрүлөт. Алардын жетекчилиги астында балдар бири-бири менен жакшы мамиле түзүшүп, сабак окушкан, табигатка байкоо жүргүзүшкөн, алар жүрөк менен акылдын аракетин бирдикте табигый жол менен өнүктүргөн [2, 201].

Ички гармониянын маанисин терең түшүнбөй, мектепте мугалимдер, психологдор, үйдө ата-энелер, ЖМК өспүрүмдөрдү гармониялуу эмес жолго салып койгондугунан өспүрүмдүн назик сезимдерине бүлүк салып, дүйнө таанууга ынтызардуулугун басып койгон учурлар аз эмес.

Жүрөктүн мерездиги – маселелердин булагы. Акылы жүрөккө үстөмдүк кылган адамга жашоодо кубануу кыйын, анткени мээримсиз акыл-эстүүлөр тез кыжырданышат. Акылы башкалардан ашык өнүккөн адам, акылсыздардын азабын дайым тартып келген, ошондуктан акылдан азап тартуу бардык кылымда актуалдуу болгон. Акылдуулардын иерархиялык системасынын жогору жагындагы адамдын кичине жаңылыштыгы коомду чоң трагедияга алып келген, элдер кырылган, улуттар, цивилизациялар жоголгон.

Жүрөгүндө элге, коомго, Ата Мекенге, адамга ж.б. сүйүүсү бар, билимдүү, акылдуу адам акылмандыкка жетет. Акылман өзүнө керектүү нерсени билет. Акылман жүрөгү аркылуу билет. Аалам (чөйрө, үй-бүлө, тааныштары, эл) менен гармониялуу жашаган жүрөктүн ээси акылман болот. Акылмандуулукка умтулуу – өтө чоң максат.

Адамзаттын кутулбай келе жаткан маселелеринин бири – атаандаштык дух. Ал жашоонун бардык тармагында бар. Баланын оюнунан баштап саясатка чейин атаандаштык коомго кирген. Атаандаштык ар ким өз ордун бекемдөөгө негизделген, себеби – ички гармониянын жетишсиздиги. Бардык мелдештерде, олимпиадаларда акылдуу, зээндүү, билимдүү, зирек жеңет, ал эми спорттун көпчүлүк түрүндө күчтүү, шамдагай, чебер, эрктүү, кээде агрессивдүү ж.б. бала жеңет, бирок ал гармониялуу эмес, б.а. ал бир сапатын башкалардан көбүрөөк өнүктүргөн. Азыркы билим берүү системасы окутат, билим берет, эске тутумду өнүктүрөт, ойлондурат ж.б., бирок акылмандуулукка үйрөтүү усулу жетишсиз. Билгендерге демилге берет, билбегендерди мелдеш, атаандаштыруу аркылуу иштетет [3, 65].

«Акылды башка сапаттардан көбүрөөк өнүктүрүү коркунучтуу» (А. Некрасов). Ошондуктан спорт чөйрөлөрүндө ыплас иштер көп болот. Спортсмендерди моралдык жактан сындыруу, физикалык майып кылуу кездешет. Америкалык профессор жана футуролог Роберт Агер атаандашуу маселесин изилдеп: «200-500 жылдан кийин рухий өнүгүү күтүлөт, эл ыктыярдуу түрдө кумарданган спорт оюндарынан, баңгизаттан, тамекиден баш тартат» – деп ырастайт. Ал дисгармониянын негизги себеби атаандашуу экендигин аныктаган [5].

В. Дальдын пикири боюнча: «Сыймыктанган адам башкаларга салыштырмалуу өзүнүн артыкчылын билет. Акыл ойлонот, чечим чыгарат, барын ордуна коет. Акыл чарчаганда кемсинүү пайда болот».

«Сүйүү» – «махабат» деген сөздүн маанисине жакын, андан кенен түшүнүк. Махабат – жыныстык сүйүү. Сүйүү – чын жүрөктөн адамга, элине, Ата Мекенге ж.б. берилүү, жакшы көрүү. Акыл эроско (жашоого умтулуу күчүнө) үстөмдүк кылса, (б.а. сүйүүнү, махабатын тыйса) энергия төмөндөйт, адамда психикалык көйгөйлөр арбыйт. Акылы өнүкпөгөн адамдын жүрөгү (каалоосу) үстөмдүк кылса, ал эмоциялардын туткунунда калат, өзүнө көзөмөлүн жоготот. Иш кылып коюп, анан ойлонот, туура эмес кылган экемин дейт. Никол Дональд Уолш: «Барынан жогорку ой – кубаныч камтыган ой, барынан ачык сөз – акыйкат-чындык

айтылган сөз, барынан улуу сезим – сүйүү» – деген.

Эрос (махабат, жашоого умтулуу күчү) акылга, жүрөккө үстөмдүк кылса, акыл энергияга толуп, адам ашыкча, кээде маанисиз активдүү болот. Ырда айтылгандай: «Айганыштын үйүн айланыш» адатка айланат. Улам бирөөнү сүйө берип, патологиялуу абалга жеткенде галлюцинация, адекваттуу эмес жүрүм-турум башталат. Сексуалдык кылмыштар (педофилия, маньяк) – эростун акылга, жүрөккө үстөмдүгүнүн натыйжасы. Жашоого умтулуу күчү (эрос) акыл жана жүрөк менен гармониялуу же дисгармониялуу болушуна жараша адам жаратман же бүлдүрүүчү болот (А. Некрасов) [5].

Акылдын үстөмдүгүнө жол берген үй-бүлөлөр баланын гармониялуу өнүгүшүнө шартты «өчүрөт». Сын алгыдагы, компьютердеги (интернеттеги) зордук-зомбулук буга кошумча болду. Балага өз алдынча гармониялуу өнүгүүнүн жол-жобосун табыш кыйын. Анча өнүкпөгөн акылы менен жагдайга жараша аракеттенет, чөйрөгө ыңгайлашат, айла табат, амалданат, жүрөк антпейт. Өз позициясын бекемдөөнүн жолун бала кезден акыл издейт. Дисгармониялуу ата-эне баласын дисгармониялуу жолго балачагында эле киргизет. Мисалы, акчалуу, мансаптуу кесипти тандоону сунуштайт. Баланын ички абалы, мүмкүнчүлүгү экинчи планда болот. Өспүрүм талантын, потенциалын ача электе, ата-энеси айткан жолго түшөт. Ошентип бала 11 жыл мектепте, 5-6 жыл ЖОЖдо өтө көп энергия, каражат, убакыт коротуп окуйт. Натыйжада «билими» (диплому) болгону менен жүрөгүндө тандаган эмгекке сүйүүсү жок, адамзатка, адамга карата мээрими жок адам чыгат [7, 45]. Кесибин сүйбөгөн адамдан чыгармачыл адис чыкпайт. Ишке жан-дили менен берилип, иштебеген, ойлонбогон адамда кайдагы гармониялуу өсүү болсун? Чыгармачылык жок болгондуктан бизде өнүгүү жок, тандаган кесибин сүйбөгөндүктөн иштен ырахат алуу жок, «өгүз өлбөсүн, араба сынбасын» деген аргасыз жашоо менен өмүрү өтөт жана көйгөйлүү адам болот. Ой менен сезим бир эле нерсени эки түрдүү кабыл алат, мээ ойлонот, ошол эле нерсени жүрөгүбүз сезет.

Катардагы тарбияланышы кыйын балдардын ичинен ички гармонияны сактаган таалайлуу адамдардын чыгышы кокустук эмес. Ыйманга маани бербеген тарбиянын натыйжасында байлык менен бийликтин артынан жулунган, рухий майып адам өсүп чыгат. Жүрөктөгү сүйүүнүн, мээримдин жетишсиздигинен энергия азаят, ал сыркоого, өмүрдүн кыскарышына өбөлгө болот. Оорукчан балдар төрөлөт. Азыр статистикалык маалыматка караганда дүйнө жүзүндө күнүгө беш жашка чыга элек отуз миң бала чарчайт (өлөт, 2020).

Эркектин сапаттары өнүкпөй, өзүнө ишеними жетишсиз, турмуштун оорчулугуна туруштук бере албаган, кыйынчылыкты тез кабылдаган жигиттерден Дон Жуан чыгат. Мүнөзүндөгү жетишсиздикти секс аркылуу «компенсациялап» (толуктап), моралдык жактан бузулат. Эркектин айкөлдүгү жетишсиз калыптангандар садист болушат. Аялдын сапаты өнүкпөй калган: сактоочу, коргоочу, элге энедей мамиле кылганды билбеген, мүнөзү начар абалдагы аялдар мазохист болушат. Батышта бачабаздар (гомосексуалдар) «үй-бүлө куруп» жашаганы менен, бир бүтүн боло албагандыктан психикалык орукчан болуп, көйгөйлөрү арбын. Жүрөк, акыл жана жашоого умтулуу күчүнүн (эрос) гармониялуу өнүгүүнүн жетишсиздигинен садо-мазохизм, лезбияндык, бачабаздык, эркин сүйүүнү эңсөө, порнография, механикалык каражаттар, ырайымсыздыкты «даңазалаган» атайын искусствонун, адабияттын түзүлүшүнө өбөлгө болду. Акыл ар кандай жол менен жашоо энергиясын толуктай албай, адамзат патологиялык абалга келди.

Тарбияланышы кыйын балдар кандай себептен девианттуу (адептик нормадан четтеген) болушат? Өспүрүмдүн жүрөгүндө мээрим болбосо, энергиясы көп болсо, анчалык өнүкпөгөн акылы менен ойлонуп аракеттенсе, ал ата-энесин, мугалимин, кошунасын, тааныштарын азапка салат. Акылы өнүкпөгөн, мээримсиз, ыймансыз, активдүү бала коркунучтуу. Өспүрүмчүлүктү кыйын курак деп аташат. Билим берүү

системасына баланын билими, акылы жөнүндө кам көрүп чектелбестен, жүрөгүндө мээрими жөнүндө кам көрүү абзел. Гармониялуу эмес адам турмуштан очор-бачар болуп орун алыш үчүн бардык каражаттарды пайдаланып (моралдык принциптерди тебелеп, чын-төгүндү аралаштырып сүйлөп), максатка умтулат. Кылмыш иштеринин көпчүлүгү гармониялуу эмес адамдын пас сезимдери козголгон учурда, каалоосунун таасири астында ишке ашат. Кылмышкерлерге каршы күч колдонуп, күрөшүү натыйжалуу жол эмес. Адамдын ички дисгармониясын түзөтүү, тарбиялоо, кылмыштын себебин жок кылуу – натыйжалуу жол [4, 191].

Сүйүүнүн жетишсиздигинен мугалим окуучуга кысым көрсөтөт. Алардын жүрөгүндөгү назик сезимдерин «камап», программалык материал аркылуу балдардын аң-сезимине таасир этет. Акырындап отуруп, балдар коомдогу «нормалдуу, акыл-эстүү» коомдун рамкасына сыйган адам чыгат, бирок дисгармониялуу коомду толуктайт. Дисгармонияга жол берген адамдын өмүрү кыска болот. Азыр өмүрү кыска жаштар көбөйдү.

Жүрөктө сүйүү болбосо, акыл башкы ролду ойнойт. Каалоосу үстөмдүк кылган дисгармониялуу адам, адептик принциптерди, моралды тоотпой, жалган, зордук, кылмыш аркылуу каалоосун канааттандырат. Ошондуктан кылмыштуулукка каршы күрөшүүнүн натыйжалуулугу төмөн. Бул – кылымдап токтобой келе жаткан күрөш. Адамдын ички (тышкы) дисгармониясы – бардык көйгөйдүн башкы себеби. Себебинен кутулбай, натыйжадан кутулуу кыйын. Гармониялуу адам чөйрөдөн өзүнө жаккан ордун зордуксуз, калпсыз, коррупциясыз жеңил табат. Жашоонун дарыясында акылмандуулук менен гармонияны бузбай, өз жолун таап, «сүзүү» керек.

Жүрөгүндө сүйүүсү бар адам жактырганына жакшылык кылуу менен ырахат алат. Сүйүүсүз акыл ишенимдүү болбойт. Сүйүүсүз акыл белгисиз жагдайга келгенде коркот. Анда коркуу сезими кыйнайт. Иоанн (Иса алейхисаламдын шакирти) «Коркуу – сүйүүдөн куру калган адамдын энчиси, сүйүүсү бар адамда коркуу болбойт» – деген.

Жүрөгүндө сүйүүсү жок, мээримсиз «акылдуу» аял – күйөөсүн азапка салат. Ал үй-бүлөнүн куту, күйөөсүнүн кеңешчиси, сүйүктүү жары, балдарынын мыкты тарбиячысы болуунун ордуна, күйөөсүн башкарган, балдарынын тагдырын дисгармонияга дуушар кылган монстр (колдойгон түрү суук) болот. Тилекке каршы азыр «акылдуу» аялдар көп, акылмандар аз. Бул – рухий кризистин негизги себеби.

«Стресстин механизми акылдын үстөмдүгүнө негизделген. Мурда АКШда, Европада стресс, психикалык дарттар элдин көйгөйүнө айланган. Азыр КМШдагы элдердин көйгөйүнө айланды» [8, 94]. Сүйүүдөн ажыраган адамдын санаасы күнү-түнү нерв системасын, бардык органдардын функциясына зыян тийгизип, азапка салып, дартка себеп болууда [3].

Табигаттын сырларын акыл тааныйт. Экстрасенстик (көзү ачылуу) – акыл-эстин мээримсиз жүрөккө үстөмдүгүнүн натыйжасы. Мурда аракеч, баңги болуп, турмуштан жолу болбогон дисгармониялуу адамдардан «касиеттүү», «көзү ачыктар» чыгууда. Анткени жүрөктө сүйүү өчкөн адамдын акылы тынчтык бербейт. «Акылмандуулук», «билермандык», «касиеттүүлүк» «кудайдын берген шыгы» – сырдуу жол менен адамга кокустан жашыруун келбейт. *Акылмандуулук талыкпаган эмгектин, билимдин, рухий изденүүнүн, аракеттин артынан келет. «Сырдуу», «жашыруун», «касиеттүү», «көзү ачык», «билермандар», «кудайдын берген шыгы өзүнөн өзү өнүгүп кеткендер» акылман эмес* [7].

**Изилдөөнүн натыйжаларын талдоо.** Таланттуу адамдардын көпчүлүгүнүн тагдырын байкап көрсөңүз, татаал, атүгүл трагедиялуу. Бул кокустук эмес. Талант бир жөндөмүн тынымсыз өркүндөтүп, башка жагына жеткиликтүү маани бербей калган, бул – дисгармония. Чыныгы улуу инсандар ар тараптан гармониялуу өнүгөт. Талантын өнүктүрүү үчүн үй-бүлө күтүүдөн, сүйүүдөн ж.б. баш тарткандар бакытка жетпей калышы кокустук эмес. Гармониялуу

адамдын кеби уккулуктуу, кебетеси жагымдуу, жүзү сүйкүмдүү болот.

Жүрөктүн, акылдын, жашоого умтулуу күчүнүн (эрос) гармониялаштыруу үчүн адам жер жүзүндөгү милдетин эстеш керек. Жашоодо акыл менен башкарып, жол табуу керек деп көпчүлүгүбүз ойлойбуз. Сүйүү жетишпеген акыл «өз көмөчүнө күл тартат», андай башкаруу адилеттүү эмес.

Айрым учурда наристелер чоңдорду таң калтырган акыйкат сөз айтышат. «Устами младенца глаголит истина». Наристелер гармониялуу болушат. Бала гармониялуу болгондуктан сүйкүмдүү. Наристе мээримге бөлөнүп, билим алса, гармониялуу өсөт. Зордук, кысым, үстөмдүк болгон жерде үч борбордун гармониялуулугун сактоо кыйын. Ички гармония бузулса, акылман адам чыкпайт. Адамдын ойлогон оюнда жүрөктүн сүйүүсү катышып, сезиминде жана эмоциясында акыл катышып турса, акылмандуулук жаралат. Чыгыш акылмандары: «акыйкат суусу бар идиштин түбүндө, суунун үстүнкү бетинде толкун, идиште сенин ойлоруң жазылган, ойлорду токтотсоң, акыйкатты окуйсуң», – дешкен, б.а. акыйкат жүрөктүн тереңинде [5].

Акылдуу акылсыздын азабын тартып жатса, эмнеге аны сүйүш керек? Кантип ал сүйөт? Бул маселени чечүүнү предметтик билимдер толук камсыз кыла албайт [4]. Динди таанығандарга: «билимдүүнүн билимсизге, акылдуунун акылсызга өнүгүүгө жардам бериши – сооп. Текеберчилик – чоң күнөө», – деп түшүндүрүлөт. «Текебердик – элдешкис жоо турбайбы, тек жүргөндөндөр күнөөдөн соо турбайбы» (Н. Алымбеков). Муну түшүнгөн акылдуу текебердигин токтотууга умтулат. Ушундай жол менен гармониялуу коом түзүлөт. Биз гармонияны «караңгы бөлмөдөн кара мышыкты» издегенсип, ал жок жерден издеп жатабыз. КМШнын педагогдору анын маанисин түшүнгөндүктөн, билим берүү системасына дин таанууну киргизгенине отуз жылдан ашып баратат. Германиянын аны киргизгенине 51 жыл болду. Балдардын убалын ойлонолу. Дисгармонияга өбөлгө болуучу таалим-тарбияны оңдоо керек. Дин таануунун максаты – окуучулардын ички тең салмактуулугун камсыз кылуу, гармониялуу өнүктүрүү, адептик-рухий абалын оңдоо, ыймандуу коом түзүү ж.б.

**Корутунду**. Инсанды ар тараптуу, гармониялуу өнүктүрүү идеясы Европада Кайра жаралуу доорунда жаралган. Европа калкы анын маанисин дин аркылуу түшүнгөн. Бирок бир адам үстөмдүк кылып, башкасы эксплуатацияланып жашаган коомдо бул идеяны жүзөгө ашыруу реалдуу эмес болгон. Эзүүгө дуушар болгон элдердин (адамдын) интуициясы начар өнүгөт, алар дүйнө, коом, адамдар менен гармониялуу мамиле түзүүдө кыйналышат. Ички гармония сакталбаса (нерв системасы тынчыбаса), адам эл, коом менен гармониялуу жашабаса адамдын интуициясы өнүкпөйт.

Мурда окуучуларды ар тараптуу гармониялуу өнүктүрүү үчүн ар түрдүү мазмундагы класстан тышкаркы иштерди класс жетекчинин уюштуруусу аркылуу аракеттенип келген. Анда ар кандай форма-метод менен акылды, адептик-рухий, моралдык, эстетикалык, саясий, жарандык, атуулдук аң-сезимин өнүктүрүп, Ата Мекенин, элижерин, ата-энесин сүйүүгө ж.б. тарбиялоого көңүл бөлүнгөн. Динди таанығаган (жүрөктү аруулоого көңүл бөлүнбөгөн) акыл-эске гармониялуу өнүгүү жетишсиз болгон, анан система ыдыраган. Азыр КМШ өлкөлөрү буларга кошумча дин таануу билимин (дин маданиятынын негиздерин) башка предметтер менен интеграциялап, тарбиялык иштерде кенен пайдаланууда. Дисгармонияга өбөлгө болуучу таалим-тарбияны оңдоо керек. Дин таануунун максаты – окуучулардын ички тең салмактуулугун камсыз кылуу, гармониялуу өнүктүрүү, адептик-рухий абалын оңдоо, ыймандуу коом түзүү ж.б.

**Адабияттар:**

1. Ибрахим Малик. Параллельный мир. – Казань, Идел-пресс, 2004. – 432-б.
2. Кукушин В.С. Теория и методика воспитательной работы. – Ростов-на-Дону, 2002. – 224 б.

3. Кристиан Нортроп. «Женское тело, женская мудрость» книга для женшин, стремящихся жить в гармонии со своим телом, разумом и душой. – М., АСТ Астрель, 2004. – С. 64-66.
4. Лазарев С.Н. Диагностика кармы. – СПб. 2005. – Кн.11. – 191-б.
5. Некрасов А. Эгрогоры. Ум, сердце, эрос. – Краснодар, Сотвори свое будущее, 2002. – 160-б.
6. Советский энциклопедический словарь. Гл. ред. А.М. Прохоров. – Москва, 1980. – 1600 с.
7. Тони Бьюзен. Максимально используйте свой разум. – Минск, 2001.
8. Жумабаева Г.А. Окуучуларга стресстен коргонууга жардам берүүнүн жолдору. // КББАнын кабарлары. – Б., 2015. – №1 (33). – 94-98-бб.

***Рецензиялаган:***
***Муратов А.Ж.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***